И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин изденүүчү **Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын “Башталгыч класстардын Адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы” аттуу 13.00.02.-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши тууралуу

# ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМҮ

**1. Коргоого кабыл алынган диссертациялык иштин диссертациялык кеңештин шифрына ылайык адистикке туура келиши.**

- **Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын “Башталгыч класстардын Адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы”** деген темадагы диссертациялык иши Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин адистигине туура келет;

-диссертациялык изилдөөдө көтөрүлгөн илимий-методиалык проблема 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына туура келет.

**Диссертациянын максаты: – “Башталгыч класстардын Адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасын** иштеп чыгуу жана эксперименттик текшерүүдөн өткөрүп, практикага сунуш кылуу.

***Максатка ылайык төмөндөгүдөй милдеттер чечилген:***

- мектептин 1-4-класстарында жомокторду окутуунун учурдагы абалын, бул боюнча окуучулардын билиминин сапатын жана деңгээлин тактоо;
- изилденип жаткан проблемага байланыштуу мектеп практикасында учураган кемчиликтердин себептерин үйрөнүү аркылуу аларды жакшыртуунун жолдорун табуу, республиканын алдыңкы мугалимдеринин педагогикалык иш-тажрыйбаларын илимий-методикалык жактан жалпылаштыруу;
- башталгыч класстарда жомокторду үйрөтүүнүн методикалык негиздерин аныктап, буларды заманбап технологияларга ылайык окутуунун усулдарын, жолдорун жана каражаттарын иштеп чыгуу;
- иштелип чыгып, сунуш кылынган илимий-методикалык ыкмаларды жомокторду талаптагыдай окутуу системасынын натыйжалуулугун

арттыруу үчүн педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүүдө сунуштоо жана жыйынтыгын чыгаруу.

**2. Изилдөөнүн актуалдуулугу төмөндөгүлөр менен аныкталат:**

-башталгыч класстын окуучуларына жомокторду окутууда текст катары эле окутуу менен чектелип, анын идеясын, мазмунун талдоого жетишерлик көңүл бурулбай келгендеигинде;

жомокторду окутуу боюнча бир топ эмгектер болгону менен бул багытта атайын изилдөө жүргүзүлбөгөндүгү, илимий-теориялык жактан жыйынтыкталбагандыгы;

-жомокторду окутуунунун методикалык негиздеринин системалуу түрдө иштелип чыкпагандыгы ж.б.

**3. Илимий жыйынтыктары:** *-изилдөөдө педагогика илими үчүн маанилүү төмөндөгүдөй корутундулар алынган*:

- мектептин 1-4-класстарында жомокторду окутуунун абалы, бул боюнча окуучулардын билиминин сапаты жана деңгээли изилденип, аныкталган;
- буга айланыштуу мектеп практикасында учураган кемчиликтердин себептерин үйрөнүү аркылуу аларды жакшыртуунун жолдору табылган, республиканын алдыңкы мугалимдеринин педагогикалык иш-тажрыйбалары жалпылаштырылган;
- башталгыч класстарда жомокторду үйрөтүүнүн өзгөчөлүктөрү, анын методикалык негиздери аныкталып, аны окутуунун заманбап технологияларга ылайык окутуунун усулдары, жолдору жана каражаттары иштелип чыккан;
- сунуш кылынган окутуу системасынын натыйжалуулугун аныктоо үчүн педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүп, натыйжада зарыл сунуштар иштелип чыккан.

• **3.1. Алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгү булар менен аныкталат,** *т.а изилдөөдө мына булар сыяктуу көңүл буруучу идеялар айтылган жана алар изилдөөнүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгүн далилдейт:*

-темага жараша теориялык-методикалык адабияттар үйрөнүлүп, жаңы изилдөөлөргө таянылгандыгы;

- учурда колдонулуп келаткан окуу китептер терең анализденгендиги жана андагы колдонулган усулдарды мындан ары да өркүндөтүү сунуштары айтылгандыгы;

- жомоктордун идеялык-тематикалык, сюжеттик-мазмундук өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуунун психологиялык-методикалык маселелери каралгандыгы.

3.2. ***Иштин теориялык маанилүүлүгү булар:*** -учурдагы глобалдашуунун шарттарында кыргыз баласынын таалим-тарбиясын элдик жомоктордогу мыкты таалим-тарбиялык идеяларга таянып жүргүзүү зарылдыгы алдыга коюлгандыгы;

-жомоктордун өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуунун жолдорунун жана ыкмаларынын штелип чыккандыгы;

-жомоктордогу элдик педагогиканын баалулуктарын адабий окуу сабактарында ачып берүүнүн маанилүүлүгү каралгандыгы;

- сабактарда жомоктун маанисин ачуу менен андан алуучу компетенттүүлүктөрдүн аныкталгандыгы;

-иштелип чыгылган методикалык сунуштар учурдун заманбап талаптарына жараша методдор, ыкмалар менен жүргүзүлгөндүгү.

3.3. Иштин квалификациялык белгилерге дал келиши: *иш мектептин башталгыч класстарында адабиятты окутуу методикасы илимин өркүндөтүү боюнча учурдагы программаларына туура келет, иш талап кылынган деңгээлде аткарылган жана анын натыйжаларын тармак ичинде жайылтууга жана колдонууга болот.*

**4. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси (тармак, өлкө, үчүн мааниси)**

*Илимий корутундулар бул багыттарда ишке ашырылган*: Изилдөөдө кыргыз башталгыч класстарында адабий окуу предметин окутууда элдик жомокторду окутуунун мааниси, ык-жолдору, өзгөчөлүктөрү, андан окуучу ээ болуучу компетенттүүлүктөр, жомокту окутуунун ыкмалары, формалары менен методдору иштелип чыгуу менен, негизинен, адабиятты башталгыч класстарда окутууну өркүндөтүү маселелери иштелип чыккандыгы менен маанилүү.

***Диссертациянын материалдары төмөндөгү басылмаларда пайдаланылган жана чагылдырылган:***

Илимий-практикалык конференцияларында (2013-2021-жылдар) изилдөөнүн проблемалары боюнча докладдар жасалган, III-IV курстун студенттери менен бирдикте Ош шаарындагы, Ош облусундагы, Баткен облусундагы, Жалал-Абад облусундагы мектептерде өткөрүлүүчү педагогикалык практика учурунда иштелип чыккан сунуштардын мугалимдер тарабынан пайдаланылышынын жыйынтыктары текшерилген

жана жалпылаштырылган. Натыйжада, изилдөө боюнча 24 макала жарыяланган. РИНЦ статусундагы 4 чет өлкөлүк басылмаларда жарык көргөн.

**Натыйжада,** изденүүчү **Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын "Башталгыч класстардын Адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы"** аттуу темадагы диссертациялык ишинде сунушталган мектептин башталгыч класстарында жомокторду окутуунун илимий –практикалык багыттары, салттуу жана жаңычыл методдору тармак үчүн бул маанилүү болуп саналат.

*Авторефераттын мазмуну диссертация менен толук мазмундаш* жана жоболору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары дал келет.

6. *Сын пикирлер:* - изилдөөнүн жалпы курулушун тактоо зарыл, анткени эксперименттик материалдары изилдөөнүн 3-главасына киргизилип калган да, айрым методикалык маселелер 2-главасында орун алып калган;

-жомокторду өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуунун методдору жана ыкмаларын дагы да тереңдетүү зарыл, бул боюнча алдыңкы тажрыйбаларды эске алуусу керек;

-жомокторду окутуунун натыйжасында окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөрдү тактоо талап кылынат.

7. *Эскертүүлөр:* Эксперименттин жыйынтыгын чыгаруудагы пайыздык көрсөткүчтөрдү берүүдө сандык жана сапаттык анализ да так чагылдырылса жакшы болмок.

8. *Сунуштар: Диссертациялык иштин алдын-ала коргоосуна эксперт катары төмөндөгүлөр сунушталат:*

**1-расмий оппонент катары** п.и.д., профессор С.К.Рысбаев сунушталат. Анткени каралып жаткан изилдөөнүн шифрына төмөндөгүдөй эмгектери ылайык келет, атап айтканда:

1. "Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы", Б., 2014,"Жак принт",
2. "Илимий жана элдик педагогика: методдору, принциптери",Алматы, "Абай атындагы улуттук пед.университеетинин "Кабарчы" журналы, 2019. №2, (72), 502-509-б.б.
3. "Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйроңүү маселелери", Б., 2014, 14 .т
4. "Жомок-терапиясы" технологиясы", "КББАнын Кабарлары" журналы, №1, 2015.
5. "Адабий окуу" китебинде окуучулардын окуучулардын кебин өстүрүүнүн ыкмалары", И.Арабаев ат.КМУнун Жарчысы", "Проф.

К.Сартбаевдин 80 жылдыгына арналган конференция, 5-ноябрь, 2013-ж.

6.«Адабий окуудан» окуучулардын адабий жана маданий компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүү маселелери», “КББАнын кабарлары», (авторлош), №3, 2011.

2- **расмий оппонент катары** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Э.К. Абдырасулова сунуш кылынат (13.00.02). Анын эмгектери:

1.Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы жомокторду жана трагедиялуу көрүнүштөрдү окутуу: Методикалык колдонмо -Б.: Кут бер, 2009. -24 б.

2. Ч .Айтматовдун повесттерин окутуунун методикалык системасы –Б.: КУАУнун Жарчысы, 2009. -380-383-бб.

3.Методика проведения в школе внеклассной работы по лингвистическим дисциплинам: Методическое пособие. -Б.: 2009. -52 б.

4.Акын, жазуучулардын өмүр баянын өтүүдөгү этнопедагогикалык айрым маселелер. – Б.: КУУнун Жарчысы, 2010. -132-136-бб.

5.Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы элдик таалим-тарбия салттарын окутуу//Салттык педагогикалык маданият жана балдар дүйнөсү VIII Республикалык илимий-практикалык симпозиумдун жыйнагы. –Б.: 2017.- 8-17- бб.

6.Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуу: Монография. –Б.: 2019, Кут-Бер. -142 б.

9. *Бүтүм:* Жогорудагы айтылган сын-пикирлер менен эскертүүнү коргоого чейин оңдоп-түзөтүүсү керек жана аны аткарууга диссертанттын мүмкүнчүлүгү жетиштүү. Ошондуктан изденүүчү **Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын “Башталгыч класстардын Адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы”** деген темадагы, адистиги 13.00.02- окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык ишин кабыл алууга болот –деп бүтүмгө келүүгө болот.

**Эксперт:** **Рысбаев С.К., п.и.д., профессор**

**Күнү:** **16-ноябрь, 2021-ж.**

“С.Рысбаевдин колун тастыктайм”

КББАнын Кадрлар бөлүмүнүн башчысы:

Дата поступления заключения в ДС Д13.20.623 16.11.2021

Уч. секр.: [illegible]